DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Сатимкулова М.А.*

# ОСМОНААЛЫ СЫДЫКОВДУН ТАРЫХЫЙ ЖАЗМА МУРАСТАРЫНЫН ИЛИМИЙ ИЗИЛДЕНИШИ

*Сатимкулова М.А.*

# НАУЧНОЕ ИЗУЧЕНИЕ ИСТОРИКО-ПИСЬМЕННОГО НАСЛЕДИЯ ОСМОНААЛЫ СЫДЫКОВА

*M. Satimkulova*

# SCIENTIFIC STUDY OF THE HISTORICAL AND WRITTEN HERITAGE OF OSMONAALY SYDYKOV

*Жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарыхты билүү керек*
*жана (ал) - көп этибар кылынуучу бир илим»*
***Осмонаалы Сыдык уулу***

*УДК: 94:39(575.2)*

*XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башында кыргыз тарыхына тиешелүү бардык маселелерди ар тараптан изилдеп-иликтөөдө өз алдынча салым кошуп, анын ичинде алдыңкы маданиятыбыздын өсүп-өнүгүшүнүн башатында турган чыгармачыл интеллигенциянын ролун илимий негизде ачып берүү – тарых таануу илиминдеги актуалдуу маселе бойдон кала бермекчи. Бирок XIX кылымдын экинчи жарымындагы – XX кылымдын башындагы кыргыз элинин коомдук-саясий турмушунда өтө татаал, кайгылуу заман болгонуна карабай, калк арасында улуттун сабаттуу, алдыңкы өкүлдөрү, жазгыч акындар, төкмө ырчылар, залкар комузчулар, улуу манасчылар, тарыхчылар арбын болгон. Алардын көпчүлүгү өз кезегинде калктын сабатын ачуу, маданий казынасын байытууда зор эмгек сиңирген. Бул макала кыргыз элинин алгачкы тарыхчысы, агартуучусу жана санжырачысы Осмонаалы Сыдыковдун кыргыз тарыхына кошкон эбегейсиз салымы жана тарыхый мурастарын илимий изилдөөсүнө арналат.*

***Негизги сөздөр:*** *тарых илими, санжыра, изилдөө, маданият, тарых, этногенез, этноним, тарыхый мурастар.*

*Вторая половина XIX – начало XX века станет важным элементом в изучении истории – внести самостоятельный вклад во всестороннее изучение всех вопросов истории Кыргызстана, в том числе научное открытие роли творческой интеллигенции нашей передовой культуры. Однако, несмотря на очень трудный и трагичный период в общественно-политической жизни кыргызского народа во второй половине XIX – начале XX веков, было много образованных писателей, поэтов, певцов, видных представителей нации историков, великих комузчи и манасчи. Многие из них, в свою очередь, внесли значительный вклад в грамотность, обогащая культурное наследие кыргызского народа. Данная статья посвящена научному изучению исторического наследия первого историка, просветителя и генеалогиста кыргызского народа Осмонаалы Сыдыкова, внесший большой вклад в развитие истории Кыргызстана.*

***Ключевые слова:*** *историография, генеалогия, исследования, культура, история, этногенез, этноним, историческое наследие.*

*The second half of the 19th - early 20th century will become an important issue in the study of history - to make an independent contribution to a comprehensive study of all issues of the history of Kyrgyzstan, including the scientific discovery of the role of creative intelligentsia in our advanced culture. However, despite the very difficult and tragic period in the socio-political life of the Kyrgyz people in the second half of the 19th - early 20th centuries, there were many educated, prominent representatives of the nation, writers, poets, singers, great komuzchis, great manaschis, historians and genealogists. Many of them, in turn, have made significant contributions to literacy and cultural enrichment. This article is devoted to the scientific study of the historical heritage of the first historian, educator and genealogist of the Kyrgyz people Osmonaaly Sydykov. The great contribution of Osmonaaly Sydykov to the history of Kyrgyzstan and the history of Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *historiography, genealogy, research, culture, history, ethnogenesis, ethnonym, historical heritage.*

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы Кыргызстандын тарыхында коомдук саясий, социалдык жана маданий өзгөрүүлөрдүн доору катары белгилүү. Бул мезгил маданият тармагында олуттуу өзгөрүүлөрдүн, илимдеги ачылыштардын, көрүнүктүү ойчулдардын, алгачкы жазгыч акын, жазгыч тарыхчылардын калыптануу мезгили болгон. Алар өздөрүнүн билимдери менен өз элинин сабатсыздыгын жоюууга жана өлкөдөгү агартуучулуктун өнүгүүсүнө салым кошушкан.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында кыргыз элинин жаңыча аң-сезимин калыптандырууда тарых илими өзгөчө мааниге ээ болгон. Ошол мезгилдеги кыргыз тарыхчыларынын жетишкендиктери, албетте, бүгүнкү күндөгү тарых илиминин пайдубалы, анткени алар бүгүнкү күндө да талаш-тартыштуу бойдон калган көптөгөн көйгөйлөрдүн оригиналдуу чечимдери болуп калууда.

Осмонаалы Сыдыковдун ишмердүүлүгү, азыркы мезгилдеги коомдук өзгөрүүлөрдүн жүрүшүндөгү көп кырдуу болгон. Азыркы тарыхнаамада кыргыздарда тарыхты жазуу маданиятынын калыптануу этабы катары XIX кылымдын аягы XX кылымдардын башы эсептелет. Османаалы Сыдыковдун өмүрүн, чыгармачылыгын жана чыгармачылык мурасын изилдөө бул доордун өзгөчөлүктөрүн толук мүнөздөгөн бай тарыхый материалды берет.

Кыргыз маданиятынын ар түрдүү тармактарына олуттуу салым кошууга жетишкен. О.Сыдыков Буха-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ра шаарындагы медреселерден билим алып, Пишпекте 1920-жылдан 1928-жылга чейин татарлар тарабынан ачылган жаңы усулдагы мектепте мугалим болуп иштеп, жергиликтүү калктын сабатсыздыгын жоюуга өз салымын кошкон. Ал 1911-жылдары диний илимдердин борбору Уфа шаарына барып, ал жерден жогорку медресени бүттү деген күбөлүк алып, ошол жылдары алгачкы тарыхый эмгегин жаза баштаган. Ошентип, Осмонаалы Сыдыков диний окуунун бардык баскычтарын басып өтүп, замандаштарынын арасында кыргыз тарыхында биринчилерден болуп тарыхты кагаз бетине түшүргөн жазгыч тарыхчы болгон. Тарых чөйрөсүндөгү атак илимпозго «Мухтасар тарих Кыргызиа» (1913) жана «Тарих кыргыз Шадманиа» (1914) аттуу эки тарыхый эмгектери жарык көргөндөн кийин келген.

Осмонаалы Сыдыковдун аталган эмгектери байыркы доордон тартып, XX кылымдын башына (Шабдан баатырдын өлүмүнөн кийин 1912-ж. аякталган) чейинки кыргыздардын эки мин жыл илгерки тарыхый эстеликтерде тилге алынып, чечилбей келген «кыргыз» деген улут наамынын маанисин илимий жол менен чечип берген [1, 33-б.] жана ар кайсы уруулардын аттарынын келип чыгышы тууралуу бир катар кызыктуу санжыраларды эмгектеринде камтыган [2, 33-б.]. О.Сыдыковдун эмгектеринин башка эмгектерден өзгөчөлүгү кыргыз урууларынын санжырасын системалуу баяндаган [3, 14-15-бб.], тарыхчыга белгилүү болгон бардык акыркы илимий маалыматтардын камтылышы, тилдин жеткиликтүүлүгү, чыгыш жана батыш булактарынын тартылышы, чыгыш тарыхнаамасынын кеңири колдонулушу болду.

Өз кезегинде, анын өмүр баянын бир катар этаптарга бөлүп көрсөтүү максатка ылайыктуу. Биринчи этап - 1875-1899-жж. – болочок тарыхчынын балалыгы жана медреселерден билим алган мезгили. Бул мезгил тарыхчынын «Өмүр баянында» оор-азап, жетимчилик менен өткөн балалык мезгили анын чыйрак жетилишине жана чөйрөнү аңдоо жөндөмүнүн артышына таасир тийгизген. Билимге болгон кызыгуусу түптөлгөн билимдин топтоо этабы болуп калган.

Кийинки этап – 1911-жылдан 1928-жылга чейин О.Сыдыков үчүн эң жемиштүү жылдар болгон. Диний илимдердин борбору болгон Уфа шаарына барып, жогорку медреседен билим алып, тарых китептерин жазуу жана татарлар тарабынан ачылган жаңы усулдагы мектепте мугалим болуп иштеп, жергиликтүү калктын сабатсыздыгын жоюууга өз салымын кошкон мезгил.

Акыры, үчүнчү этап – 1931-жылдан - 1942-жылга чейин советтик доордун куугунтуктоосуна туура келип, О.Сыдыковдун жазыксыз камалышы жана куугунтукта жүргөн жылдары. Бул мезгил тарыхчынын трагедиялуу өлүмү менен аяктайт. Осмонаалы Сыдык уулунун өмүрүнүн акыркы саптары толук айкын эмес. Анын камакка кесилишинин себептери, же таптык душман катары, же саясий көз карашы менен камалгандыгы дагы терең иликтөөнү талап кылат.

О.Сыдыковдун эмгектери өз дооруна жараша ар кандай деңгээлде изилденген. Буга чейин жарык көргөн эмгектерди эки этапка бөлүп карайбыз:

1) Совет доорундагы изилдөөлөр жана жарык көргөн эмгектер.

2) Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийинки мезгилдеги жаңыча көз караштагы изилдөөлөр жана эмгектер.

Биринчи совет мезгилинде кыргыздын революцияга чейинки илим жана маданиятынын айрым бир ишмерлеринин чыгармачылыгын изилдөөгө бир топ мезгилдерден бери тыюу салынган. О.Сыдыковдун чыгармаларынын изилденбей калышынын дагы бир себептери, тарых илиминдеги таптык көз карашка жана идеологиялык окууга байланышкан. Осмонаалы Сыдыковдун эмгектери жөнүндө алгач «Кыргыз ССР тарыхынын» 1968-жылкы академиялык басылышында берилген. Мында байлар менен манаптарды көкөлөп жазылган деген жалаа менен жазышкан [4, 18-б.].

Ал эми 1986-жылы чыккан «Кыргыз ССРинин тарыхынын» 2-томунда «Ал өзүнүн жазууларында кыргыз жана казак элдеринин тапсыз экендиги жөнүндө жобону негиздөөгө аракет кылып, «бирдиктүү» мусулман улуту жана анын өз алдынча өнүгүшү жөнүндө буржуазиялык-улутчул көз караштарды жарыялаган» - деп, О. Сыдыковго жогорку «күнөөлөргө» кошо «пантюркизм жана жаңыдан калыптана баштаган буржуазиячыл улутчулдуктун жактоочусу сыяктуу каралоолор жабылган [5, 17-б.]. 1986-жылкы экинчи басылышында «Мухтасар тарых Кыргызия» - «Кыргыздын кыскача тарыхы» эмгегинин биринчи сөзү «муктасы» - деп туура эмес жазылып калган [6, 221-б].

Тарыхчынын эмгектерине биринчилерден болуп кытайлык кыргыз окумуштуулары Анвар Байтур, Ыбырай Айса, Нооруз Усенаалы көңүл бурган. Алар тарабынан жарыкка чыгарылган «Осмонаалы Сыдыковдун Мухтасар тарых Кыргызия» Үрүмчү шаарынан 1986-жылы арап арибинде басылып чыгып, окурмандарга тартууланган.

Китеп Нооруз Усенаалынын «Китептин басмага дайындалышы жөнүндө» деген чакан макаласы менен ачылат. Мында «Кыргызия» китебинин (башкача айтканда «Мухтасар тарых Кыргызия» эмгегинин) Кызылсуу автоном областтык саясий кеңешинин мүчөсү Үсөйүн ажыдан алынганын, ал эми «Шадмания» (башкача айтканда «Тарых кыргыз Шадмания») эмгегин Акчий оодандык парткомдун пенсияга чыккан жооптуу кызматкери Ыбырай Кадыр тартуулагандыгын, бул китептердеги «чагатай» жазуу систе-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



масы азыркы замандагы кытайлык кыргыздардын арапча жазуусу аркылуу транскрипциялангандыгын, басмага текстти даярдоодо эч бурмалоого жол коюлбагандыгын Нооруз Усенаалы белгилейт. Автордун «чагатай жазуусу түркий тил системасындагы бардык улуттардын орток колдонгон жазуусу» болгондугу тууралуу пикирин айткан [7, 4-б.].

1989-жылы «Ала-Тоо» журналынын №3 санына илимпоз, академик Хусейин Карасаевдин даярдоосу астында «Тарых Кыргыз Шадманиясынан» үзүндү басылып чыгат. «Мухтасар тарых Кыргызиа» жана «Тарых кыргыз Шадманиа» эмгектерин кыргыз тилине Х.Карасаев которгон. Окумуштуу биринчи болуп чыгармасынын мазмуну, тилдик жана орфографиялык өзгөчөлүгүнө баа берген. Х.Карасаевдин пикирине ылайык, «Мухтасар тарых Кыргызиа» «тарых эмес, санжыра китеби. Анда кыргыздын урууларынын оң, солдон тартып, негизги чоң уруулар, алардын пайда болуш» маселеси чагылдырылган [8, 109-111-бб.] - деп жазган. 1990-жылы окумуштуу тарабынан «Тарых Кыргыз Шадмания» деген ат менен китепче басмадан чыккан. Ошондой эле, 1991-жылы жарык көргөн «Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт» биринчи китебинде да бул макалалар киргизилген [9, 49-67-бб.].

О.Сыдыковдун эмгектерине кийинки изилдө Ч.Омуралиевдин «Алыскы замандаш же соңку сөз ордуна» макаласы «Тарых кыргыз Шадманияга» байланышкан. Эмгектин эмне себептен «Шадмания» аталып калгандыгы тууралуу ар кандай пикирлер айтылып келет. Ч. Омуралиев өзүнүн изилдөөсүндө Шабдан баатырдын ысмы менен байланыштырат. Жазуучу анын жандырмагын «Шатман, Шатманым» деген ысымдан издеп: «Баатырдын айылдаштарынын эскергенине караганда, аны бала кезинде ушундайча эркелетишчү экен. Ушундан улам ырас эле Шабдан баатырдын азандагы аты Шатман болбосун, кийин ал тилдеги тыбыштык ээрчишү мыйзамына ылайык Шабдан атыгып кетпесин деген бир ой келди», - деп өзүнүн пикирин айткан [10, 212-б.].

Э.Р. Тенишев да өзүнүн изилдөөсүндө «Тарых кыргыз Шабданиа» эмгектин аталышын «Шабдан кыргыздарынын тарыхы» деп окуган [11, 34-б.].

Совет заманынын соңку жылдары Кыргызстанда улуттук аң-сезим козголуп, өтмүшкө кайрылуу да, өтмүштөн кабар берген Осмонаалы Сыдык уулу сыяктуу инсандардын өмүрүнө, чыгармачылыгына кызыгуу күчөгөн. Мындай көрүнүштүн объективдүү, субъективдүү себептери бар эле. «Буга чейин кыргыз элинин жазма маданияты жок эле», «өз тарыхын жазган адамдар эл арасынан чыккан эмес» деген түшүнүктөр менен жашап келген кыргыздар үчүн Осмонаалы Сыдык уулу бир эмес эки тарых китебин жазып салганын билиш, аны акылдан өткөрүш бир чети калктын билимге кызыгуусун канааттандырса, экинчи тарабынан, улуттук нарк жана аң-сезимдин кыртыш алып түптөлүшүнө түрткү берген. Натыйжада, ал жылдары Осмонаалы Сыдык уулунун өмүрү жана чыгармачылыгына арналган макалалар жарык көрө баштаган.

М. Кожобековдун 1989-жылы «Ала-Тоо» журналынын №3 санына жана 2005-жылы «Коомдук илимдер» журналынын №14 санына жарыялаган макалалары Осмонаалы Сыдык уулунун толук тактала элек өмүр баянына тарыхый фактылар менен тактоолорду жана бир катар кызыктуу маалыматтарды киргизген. Ал эми 2014-жылы О.Сыдыковдун эмгектеринин 100 жылдык маарекесине арналган, «Турар» басмаканасынан басылып чыккан «Мухтасар тарих Кыргызиа», «Тарих кыргыз Шадманиа» китебинин баш сөзүн жазган.

Т. Чороев да О. Сыдыковдун эмгектерине 1980-жылдардын аягынан тарта кызыгып, изилдей баштаган. Анын эң алгачкы макаласы 1989-жылдардан тарта чыга баштаган. 1991-жылы «Ала-Тоо» журналына «Зарыктырган эмгек» аттуу илимий макаласын жарыялаган. Кийинчерээк К.Жусупбеков түзгөн «Кыргыздар» жыйнагынын 1991-жылкы чыгарылышына Т. Чороевдин, М. Кожобековдун да макалалары кирген.

А. Койчиев Осмонаалы Сыдык уулунун жана анын мурастарын изилдеп, 1992-жылы «Осмонаалы Сыдык уулу жана анын тарыхтары» атту китепти жарыялаган.

Осмонаалы тууралуу кыздары Шарипа Садыкова (Сыдыков Осмоналы: Туулган күнүнүн 130 жылдыгына карата. - Бишкек, 2008) жана Бүбүш Осмонаалы кызы (Осмонаалы Сыдык: кыргыз тарыхын изилдеген биринчи кыргыз. - Бишкек, 2014) да атасынын жакын адамдарынын эскерүүлөрү жана уй-бүлөлүк жеке архивдери менен кызыктуу маалыматтарды беришкен.

2014-жылы эл аралык деңгээлдеги О.Сыдыковдун эмгектеринин жарык көргөндүгүнө 100 жылдык маарекесине арналган илимий конференциялар болуп өттү. Алардын ичинен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде өткөн илимий конференцияда Осмонаалы Сыдыковдун «Мухтасар тарых Кыргызиа», «Тарых кыргыз Шадманиа» аттуу китептин бет ачары болгон. Бул китепте Осмонаалы Сыдыковдун эки эмгеги, ошондой эле Осмонаалы Сыдыковдун өмүр баяны, чыгармаларына изилдөө жүргүзгөн төмөнкү авторлордун илимий, илимий-популярдуу макалалары жана эскерүүлөрү жарыяланган.

Акыркы учурда Кыргызстандын тарыхы боюнча адистер Т.Кененсариев, А.Асанканов, Д.Сапаралиев, К.Молдокасымов, Т.Асанов, Р.Жолдошов, О.Каратаев, А.Кубатова, Л.Үкүбаева, М.Мамбетакун ж.б. тарыхчылар изилдеп келүүдө.

Жалпысынан, Осмонаалы Сыдыковдун чыгармачылык мурасын изилдөө кыргыз тарых илиминин

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



калыптануу процессин изилдөөнүн актуалдашуусуна байланыштуу илимий зор кызыгууну жаратат. Биздин оюбузча, кыргыз санжырачы, тарыхчылардын эмгектери Осмонаалы Сыдыковдун, Белек Солтоноевдин, Бала Айылчы, Нурмолдо Наркул уулунун, Үмөт Молдо Түгөлбай уулунун, Алдаш Жээнике уулунун, Ыбырайым Абдырахмановдун, Зиябиддин Максым, Насирдин Боомбаев, Муса Байгариновдун эмгектеринин тарых илиминдеги орду жана ролу талданбаса, кыргыз тарыхнаамасы толук эмес болуп калмак.

**Адабияттар:**


1. Осмонаалы Сыдыков. «Мухтасар тарых Кыргызиа», «Тарых кыргыз Шадмания». - Бишкек, 2014. - Б. 32.
2. Осмонаалы Сыдыков. «Мухтасар тарых Кыргызиа», «Тарых кыргыз Шадмания». - Бишкек, 2014. - Б. 33.
3. Чороев Т. Зарыктырган эмгек. / Ала-Тоо журналы. №3. - Бишкек, 1989. - Б. 12.
4. История Киргизский ССР. Т.1. - Фрунзе, 1968. - Б. 18.
5. История Киргизской ССР. Т.2. - Фрунзе, 1986. - Б. 17.
6. История Киргизской ССР. Т.2. - Фрунзе, 1986. - Б. 221.
7. Байтур А. «Кыргызия» жана «Шадмания». / Сыдыков О. «Муктасар тарих-и Кыргызиа», «Тарих-и кыргыз Шадмания. - Бишкек, 2014. - Б. 158-165.
8. Карасаев «Х. Муктасар тарих-и Кыргызиа» жана анын түзүүчүсү// Ала-Тоо журналы, 1989. №3. - Б. 109-111.
9. Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт. 1-китеп. - Бишкек, 1991. - Б.49-67.
10. Осмонаалы Сыдыков. «Мухтасар тарых Кыргызиа», «Тарых кыргыз Шадмания». - Бишкек, 2014. - Б. 212.
11. Тенишев Э.Р. О киргизском литературном языке в до национального периода. / ВЯ, 1989. №5. – Б.34.